**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ**
**ТОҢ РАЙОНУ**
**АК-ТЕРЕК АЙЫЛ**
**АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЫСЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**ТОНСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ АК-ТЕРЕКСКОГО**
**АЙЫЛЬНОГО АЙМАКА**

---

**Эл депутаттарынын VII – чакырылышынын XXVI – кезексиз сессиясынын**

# ТОКТОМУ

2023-жылдын 19-декабры № 8 Кара-Коо айылы

**Ак-Терек айыл аймагынын Бар-Булак айылынын тургуну элге эмгеги сиңген, Тоң районунун ардактуу атуулу Токтобеков Сапардын ысымын Бар-Булак таза суу муниципалдык ишканасына ыйгаруу жөнүндө**

---

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 19-августундагы № 467 токтому менен бекитилген "Мамлекеттик маанидеги объектерге ат берүү жана атын өзгөртүү тартиби тууралуу" Жобонун негизинде жана Бар-Булак айылынын тургундарынын жалпы чогулушунун протоколу жана айыл элинин кайрылуусу. Ак-Терек айыл аймагынын айылдык кеңешинин төрагасы А.А. Мамбетовдун сунушун угуп, талкуулап Ак-Терек айылдык Кеңеши **токтом кылат:**

1. Ак-Терек айыл аймагындагы Бар-Булак таза суу муниципалдык ишканасына Бар-Булак айылынын тургуну, Тоң районунун ардактуу атуулу Токтобеков Сапар атындагы таза суу муниципалдык ишканасы болуп аталсын.

2. Токтомду аткаруу жагы Ак-Терек айыл аймагынын айыл өкмөт башчысы Т.А.Калыковго жүктөлсүн.

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагын өзүмө калтырам.

**Төрага** **А.А. Мамбетов**

**Жооптуу катчы** **М.Б. Эсеналиева**